## №35 ЖББОМнин Гуманитардык усулдук бирикмесинин кеңешинин №1 протоколу

30-август 2020-жыл

Катышканы : 5

Катышпаганы : -

**Катышкандар :**

| | |
|---|---|
| 1 | Малабаева Мира Аскаровна |
| 2 | Жумалиева Жаңыл Төлөмүшовна |
| 3 | Сексенбековна Гүлмайрам Сексенбековна |
| 4 | Турдуева Зина Турдуевна |
| 5 | Кулкөбөнова Каныкей Бердибековна |

Күн тартибинде каралуучу маселелер :

Орус тили жана тарых мугалимдеринин 2019-2020-окуу жылындагы аткарган иштери тууралуу жыйынтык чыгаруу жана быйылкы 2020-2021-окуу жылында аткарыла турган иш чаралар тууралуу пикир алмашуу .

1. Окуу жылынын башталышындагы мугалимдердин иш пландарын бекитүү.

2.Орус тили жана Тарых сабагын окутуудагы окуу китептери жөнүндө талкулоо.Өзгөчө жаңы чыккан китептер боюнча ой толгоо

3. Мектеп документтеринин жүргүзүлүшү ,класстардын мөөнөттөргө бөлүнүшү о.э класстарга кабинеттрдин бекитилиши.

Жүрүшү :

1-маселе боюнча УБнын жетекчиси Кулкөбөнова К.Б сөз сүйлөдү .

Кыргыз тили жана тарых сабактарынын быйылкы окуу жылындагы календарлык-тематикалык пландын бир аз өзгөргөндүгү башкача айтканда биринчи жарым жылдыкта 7-11-класстарда «Дүйнөлүк тарых»,экинчи жарым жылдыкта «Кыргызстан тарыхы» өтүлөрүү айтылды .Ошонун негизинде календарлык –тематикалык планга ой пикирлер айтылды

2-маселе боюнча директордун орун басары Айдакеева Г.М быйылкы окуу жылындагы мектеп документтерин толтуруудагы өзгөчөлүктөр

жаңылоолор тууралуу тааныштырды .Окуучулардын онлайн сабакка катышуусуна да токтолуп өттү .

3. УБнын жетекчиси Кулкөбөнова К.Б быйылкы окуу жылындагы гуманитардык усулдук кеңешиндеги мугалимдердин саат менен камсыз болушу ,класстардын нөөмөт боюнча окуу кабинеттердин бекитилиши жана ал кабинеттерге кайсыл мугалим жооптуу экендиги тууралуу тааныштырды .

Чечим кабыл алынды :

1. Гуманитардык усулдук бирикмесинин 2020-2021-окуу жылына түзүлгөн иш планын бекитүүгө сунушталсын.

2. Мектеп документтерин толтурууда жогоруда айтылгандар аткарылсын жана класс жетекчилер журнал толтуруу учурунда тыкаттык менен мамилеп кылынсын. Окуучулардын сабакка болгон катышуусу, тартип, тазалык боюнча өзгөчө көңүл бурулсун.

3. Мугалимдерге бекитилип, берилген кабинеттерге жоопкерчилик жүктөлсүн. Сабактын планын түзүү боюнча талаптар жана класстык журналдарды толтуруу боюнча көрсөтмөлөр эске алынсын.

**УБнын жетекчиси:** **Кулкөбөнова К. Б.**

**Протокол №2**

№35 жалпы орто билим берүү мектебинин Гуманитардык усулдук бирикмесинин кеңешмеси

05.11.2020-жыл.

Катышты 4 мугалим.

Күн тартиби:

1. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча аралыктан сабактарды өтүүлөгү отчету.
2. Орус тил, орус адабияты жана тарых сабактарынан олимпиада өткөрүүгө даярдык көрүү
3. Билим берүү башкармалыгы тарабынан өткөрүлгөн иш-чаралардын аткарылышы
4. «Словарная работа на уроках русского языка как один из путей развития речи и обогащения словарного запаса учащихся» деген темадагы Сексенбекова Гулмайрам Сексенбековнанын докладын талкулоо

Угулду:

Усулдук бирикменин башчысы 1-чейректин жыйынтыгы боюнча маалымат берип, жөндөмдүү жана начар окуган окуучулардын иштерин тереңдетип иштелишин айтып өттү.

Токтом кылынды:

1-чейректин жыйынтыгы эске алынсын

Угулду:

Орус тили жана орус адабияты, тарых сабактары боюнча олимпиаданын тапшырмалары талкууланып, мугалимдер өз сунуштарын айтышты.

Токтом кылынды:

Олимпиаданын тапшырмалары бекитилсин.

Угулду:

Усулдук бирикменин башчысы гуманитардык сабактарга карата келген буйруктардын негизинде аткарылган иш-чараларга токтолуп, активдүү катышкан мугалимдерге ыраазычылык билдирип, кеткен кемчиликтерди белгилей кетти.

Токтом кылынды:

Аткарган иш-чаралардын жыйынтыктары эске алынсын.

Угулду:

«Словарная работа на уроках русского языка как один из путей развития речи и обогащения словарного запаса учащихся» деген темадагы Сексенбекова Гулмайрам Сексенбековнанын доклады талкууланды. Мугалимдер өз ойлорун айтышты.

Токтом кылынды:

Орус тили жана орус адабияты сабагынын мугалими Сексенбекова Гулмайрам Сексенбековнанын доклады эске алынып, сабактарда технологияларды колдонушсун.

**Усулдук бирикменин башчысы:** **Кулкөбөнова К.Б**

**№3 протоколу**

**№35 жалпы орто билим берүү мектебинин гуманитардык усулдук бирикменин кеңешмеси**

15-январь 2021-жыл
Катышты: 4
Катышпаганы: -

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Мектеп аралык олимпиаданын жыйынтыгы.
2. Кабинеттерди текшерүүнүн жыйынтыгы.
3. 3-чейректе аткаруучу иш-чаралар.
4. «Компетентностный подход в обучении на уроках русского языка и литературы" деген темадагы Жумалиева Жаңыл Төлөмүшовнанын докладын талкулоо.

Жүрүшү:

1-маселе боюнча 2-чейрек ичинде жасалган иш-чаралар боюнча Усулдук бирикменин башчысы сөз сүйлөдү. Мектеп аралык өткөрүлгөн олимпиадага катышкан окуучулардын орус тили жана орус адабияты, тарых сабактары боюнча материалды жакшы деңгээлде өздөштүрүп жаткандыгын көрсөтө алышты. Бирок райондук, шаардык деңгээлге чыга албай жаткандыгы өкүнүчтүү экенин баса белгилеп кетти.

Олимпиаданын жыйынтыгында окуучуларды мектеп администрациясы тарабынан грамоталар менен онлайн аркылуу сыйланышты.

2-маселе кабинеттердин таза, жарык жана тиешелүү жабдыктар менен жабдылган. Тилекке каршы кээ бир кабинеттер систематизациянын жок экендиги аныкталды. Бул иштер боюнча ар бир предметтик мугалимдерге, кабинет башчыларына эскертүү берилип, кошумча иштер берилди.

3-маселе боюнча усулдук бирикменин башчысы Кулкөбөнова К.Б. сөз сүйлөдү. 3-чейрек боюнча аткарылуучу иштер менен тааныштырды. Февраль айында «Эне тил» күнүнө жана декадага карата эскерте кетти. Нооруз майрамына карата класстан тышкаркы иштерди өткөрүү керектигин да айтты. Сабакка жетише албаган окуучулар боюнча да иш алып баруу сыяктуу көптөгөн иштер планга кирди.

4-маселе боюнча «Компетентностный подход в обучении на уроках русского языка и литературы" деген темадагы Жумалиева Жаңыл Төлөмүшовнанын доклады талкууланды.
Мугалимдер өз ойлорун айтышты.

Чечим кабыл алынды:

1.Мыкты окуган окуучулар менен иш кенен формада болушу зарыл.

Окуучуларды райондук деңгээлге чыгаруу.

2. Ар бир кабинет башчылары документациясын толуктасын.

3. Декадага, Нооруз майрамга эң жакшы дайындыктар болсун.

УБнын мүчөлөрү өтө турган сабактарын, класстан тышкаркы иштерин алдын ала даярдасын.

4.Орус тили жана адабияты мугалиминин доклады эске алынып, сабактарда ошол кеңештерди колдонушсун.

**Усулдук бирикменин башчысы:** **Кулкобонова К.Б**

Протокол №4

№35 жалпы орто билим берүү мектебинин Гуманитардык усулдук бирикмесинин кеңешмеси

Убактысы: 05.03.2021
Катышты: 4

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Декаданын жыйынтыгы
2. 4-чейрекке аткарылуучу иш чаралар.

1. Декаданын жыйынтыгы жана ачык сабак уюштуруудагы кемчиликтерди усулдук бирикменин жетекчиси сөз сүйлөдү. Тажрыйбалуу мугалимдер жаш адистерге методикалык жардам көрсөтүү айтылды.
Ар бир сабакка көрсөтмө курал жана компьютер колдонулуп сабак өтүлүшүн айтты.

2. 4 чейрекке аткарылуучу иштер ички тапшырмалар турмуштагы баа тактоодору жана чейректик, жылдык баалар дагы туура коюлушу керек экендиги баса белгиленди.

**Чечим кабыл алынды:**

1. Декадада эң жакшы дарстар бекүк УБнын мүчөлөрү өтө турган сабактарын алдын ала даярдашты.

2. Мектеп документтерин толтурууда жогоруда айтылгандар аткарылсын

**Протокол № 5.**

**№35 жалпы орто билим берүү мектебинин Гуманитардык усулдук бирикмесинин кеңешмеси**

Убактысы: 13.05.21
Катышты: 4.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1 Мамлекеттик экзамендерге карата БББнан келген буйрук менен тааныштыруу.
2. Экзаменге карата бурчтардын уюштурулушу.

1-маселеде Мамлекеттик экзамендин өтүлүшүнө карата БББнан келген буйрук менен тааныштарды.

2-маселеде экзамендик бурчтар бардык кабинеттерде илинген. Окуучуларга психологдун сунуштары, экзаменге даярдануу учурундагы эскертүүлөр жана ата-энелерге сунуштар жазылып илинген.

**Чечим кабыл алынды:**

1. Мамлекеттик экзамендерге карата БББнан келген буйруктун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү УБнын башчысы Жукобаева Жаныкей Бердибековнага милдеттендирилсин.
2. Экзамендин жүрүшүндөгү сунуштар, эскертүүлөр аткарылсын

УБнын жетекчиси [signature] Жукобаева К.Б.